**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К.КАРАСАЕВ АТЫНДАГЫ БИШКЕК ГУМАНИТАРДЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д.10.18.575 Диссертациялык кеңеш**

**Кол жазма укугунда**
**УДК: 821:82-3(575.2)(043-3)**

**ЖУСУЕВА СЮТА КАЛМАМАТОВНА**

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНДАГЫ ОЧЕРК ЖАНРЫНЫН КАЛЫПТАНЫШЫ ЖАНА ӨНҮГҮШҮ

10.01.01 – кыргыз адабияты

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2018**

**Диссертациялык иш Кыргыз-Өзбек университетинин кыргыз адабияты кафедрасында аткарылды**

**Илимий жетекчи:** филология илимдеринин доктору, профессор
**Акматалиев Абдылдажан Амантурович**

**Расмий оппоненттер:** филология илимдеринин доктору
**Тиллебаев Садык Алаханович**

филология илимдеринин кандидаты, доцент
**Темирова Бактыгүл Тажибаевна**

**Жетектөөчү мекеме:** К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин Кыргыз адабияты кафедрасы Дареги: 722200, Каракол шаары, Абдрахманов көчөсү, 103.

Диссертациялык иш 2018-жылдын 22-майында саат 13-00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн Д.10.18.575 Диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720071, Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Диссертациялык иш менен КР УИАнын борборлоштурулган илимий китепканасынан таанышууга болот. Дареги: Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265а.

Автореферат 2018-жылдын 20-апрелинде таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы, филология**
**илимдеринин кандидаты** **Ыйсаева Н.Т.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** Очерк жанры кыргыз профессионалдык адабияты, кыргыз журналистикасы жаралып, калыптана баштаган күндөн тартып коомдук турмуштун бардык тармагын камтып, адабий-тарыхый, маданий өнүгүүнүн этаптык өзгөчөлүктөрүнө жараша жанрдык-структуралык, идеялык-тематикалык жактан жаңыланып, улам байып, өнүгүп келди. Кыргыз очерки да бардык адабий жанрлар сыяктуу эле адабий-тарыхый, эстетикалык тенденцияларды эле камтыбастан, ошондой эле жазуучу, публицисттин коомдук турмушка карата инсандык-граждандык жеке көз карашын, автордун индивидуалдуулугун, чыгармачылык жактан өсүш эволюциясын кошо камтыйт. Очерк жанры кыргыз адабиятындагы толук кандуу калыптанган, улуттук көркөм сөздүн өз алдынчалуу бир бутагын түзгөн адабий жанр экендигине карабастан кыргыз адабият тарыхындагы орду так көрсөтүлбөй келет. Кыргыз адабиятынын өнүгүү этаптарын жана жазуучулардын чыгармачылык жолун талдоодо очерктик чыгармалар изилдөөгө алынып, аларга атайын орун берилген эмес, же учкай гана көрсөтүлгөн. Айрым макалаларда кыргыз очерки улуттук журналистиканын бир түрү катары гана каралган. Жогоруда белгиленген маселелер улуттук адабияттын өнүгүш фонунда очерк жанрын эволюциялык планда системалуу изилдөөнүн актуалдуу зарылдыгын көрсөтөт.

**Диссертациянын темасынын илимий-изилдөөчүлүк программалар менен байланышы.** Илимий иштин темасы КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун жана Кыргыз-Өзбек университетинин илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планы менен дал келет.

**Изилдөөнүн негизги максаты** – кыргыз очерктеринин калыптануу жана өнүгүү эволюциясы, улуттук адабиятта ээлеген ордун, жанр катары структуралык-типологиялык, идеялык-эстетикалык өзгөчөлүгүн илимий анализге алуу. Бул негизги максатты иш жүзүнө ашыруу үчүн төмөндөгүдөй **милдеттер** белгиленди:

- адабий-тарыхый өнүгүүнүн ар кыл этаптарында кыргыз очеркинен байкалган жанрдык-структуралык, идеялык-тематикалык жаңылануулары, тенденциялык көрүнүштөрдү аныктоо, адабий талдоого алуу;
- очерктердин идеялык-тематикалык, социалдык-нравалык мазмунун изилдөө, баа берүү;
- өмүр баяндык, портреттик очерктерге мүнөздөмө берүү;
- проблемалык очерктердин жанрдык өзгөчөлүгүнө талдоо жүргүзүү;
- жол очеркинин улуттук реалисттик адабияттын калыптанышындагы ролун, идеялык-эстетикалык динамикасын иликтөө;
- Тарыхый очерктердин өзгөчөлүгү, алардын совет учурундагы жана эгемендүүлүк мезгилиндеги абалына баа берүү;

**Илимий изилдөөнүн жаңылыгы.** Диссертацияда кыргыз очерктеринин калыптанышы жана өнүгүшү алгач ирет баштан аяк системалуу иликтөөгө алынып, кыргыз адабиятындагы жана публицистикасындагы орчундуу бир салаа болгон бул жанрдын этаптуу өнүгүүсүнүн ар бир периоддоруна мүнөздүү өзгөчөлүктөр жана аларды шарттаган коомдук-маданий шарттар, көркөм очерктердин структуралык-типологиялык мүнөзү жана түрлөрү кеңири талдоого алынып, жыйынтыктардын чыгарылышы изилдөөнүн жаңылыгы болуп саналат.

**Изилдөөнүн илимий-теориялык мааниси.** Иште кыргыз очеркинин жанрдык тарыхый эволюциясы, структуралык-типологиялык түрлөрү боюнча классификацияларга бөлүштүрүү иштери жүргүзүлүп, түрдүк өзгөчөлүктөрдүн айырмачылыгы, жалпылыгы боюнча мүнөздөмөлөрдүн берилиши очерк жанры боюнча келечекте жүргүзүлүүчү илимий-изилдөө иштерине илимий-теориялык жактан өбөлгө болуп бере алат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**. Диссертацияда айтылган сунуштар, тыянактар кыргыз адабият таануусундагы улуттук прозаны, анын ичинде очерктик чыгармаларды окуп үйрөнүүдө, кыргыз адабиятынын тарыхынын курсун кайра иштөөдө, жогорку окуу жайларынын жана орто мектептердин окуу программаларын, окуу китептерин түзүүдө колдонулат.

**Коргоого коюулуучу жоболор:**

- очерк кыргыз прозасынын жаралуу этабында ийкемдүү жана оперативдүү жанр катары кеңири колдонулган жанрдык форма;
- отузунчу жылдары кыргыз басма сөздөрүндө очерктердин байма-бай жарык көрүп, турмуштук окуяларды камтуу жана аларды чагылдыруу жагынан ар түрдүүлүгү, бирдей эле темада жаралган очерктердин бири-бирине окшобогон формаларда берилиши жанрдын калыптанып, өнүгүү жолуна түшкөндүгүн тастыктайт;
- кыргыз очерктери очерк жанрынын өмүр баяндык, портреттик, проблемалык, жол очерки жана тарыхый очерк деп аталган түрлөрүнүн бардыгында эмгектенип, белгилүү бир ийгиликтерге жетишишкен;
- эгемендүүлүк жылдарындагы улуттук өзүн-өзү таануу, улуттук баалуулуктарга басым жасоо сыяктуу коомдук көрүнүштөр очерк жанрынын тарыхый очерк деп аталган түрү өзгөчө жанданып, өнүгүшүн шарттады.

**Изилдөөчүнүн илимге кошкон салымы.** Адабият таануунун жана журналистика илиминин соңку жетишкендиктерине таянып, кыргыз очерктеринин жанрдык табиятынын тарыхый-теориялык маселелерин тарыхый-хронологиялык планда ырааттуу иликтөөгө, жанрдын типологиялык-структуралык түрлөрүн, идеялык-тематикалык багыттарын аныктоо, илимий жыйынтыктардын адабий-публицистикалык материалдар менен бекемдеп берүү изилдөөчүнүн салымы болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин апробациясы.** Илимий изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргыз-Өзбек университетинде, КР УИАнын Ч.Айтматов

атындагы Тил жана адабият институтунда талкууланды, илимий конференцияларда, симпозиумдарда докладдар окулду.

**Диссертациялык иштин толук жарыяланышы.** Диссертациялык иштин жыйынтыгы боюнча жалпы 11 макала, анын ичинен чет мамлекеттерде үч макала жарык көрдү.

**Диссертациялык иштин түзүлүшү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, изилдөөнүн илимий негизин камтыган эки баптан жана алардан келип чыккан тыянактардан, жалпы корутундудан жана пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат. Диссертациянын жалпы көлөмү – 155 бет.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** илимий ишке жалпы мүнөздөмө берилип, иликтөөгө алынган проблеманын актуалдуулугу, максаты, милдеттери, илимий жаңылыгы, илимий-теориялык, практикалык мааниси, коргоого коюулуучу негизги жоболору, апробацияланышы белгиленди.

“**Кыргыз очерктеринин жанрдык табияты, генезиси, эволюциясы**” деп аталган биринчи бап беш параграфка бөлүнгөн.

**“Очерк жанрынын тарыхый, теориялык маселелери”** деп аталган биринчи параграфта кыргыз очеркинин жаралып, калыптанышына өбөлгө болгон коомдук-тарыхый, адабий, маданий-эстетикалык шарттар, өнүгүү эволюциясынын динамикасы жанрдын теориялык маселелери менен байланышта каралып, баа берилди.

Кыргыз очерки эки тарыхый доорду башынан өткөрдү. Биринчиси, Совет өкмөтүндөгү “теңдик”, “жаңы заман” деп аталган мезгил, илим-билимге жол ачылып, социалисттик идеядагы жаңы мамлекет, советтик бийликтин келиши. Бул мезгилде кыргыз очерки адабияттын башка жанрларындай жаңыдан жаралып, калыптанып, совет өкмөтүнүн идеологиясын, жаңы замандын жаңылыктарын жайылтуучу пропагандисттик милдет өтөп, жанрдык-типологиялык жактан көп түрдүүлүгү артып, улуттук адабиятта туруктуу ордун тапкан. Кыргыз адабият тарыхында отузунчу жылдардын ортосунан баштап “Орок-балка”, “Эмгек ээлери”, “Эмгек каармандары”, “Ала-Тоо жылдыздары” деген аталыштагы басылмалар сериялуу жарык көрүп, алардын басымдуу бөлүгүн ээлеген “Эмгектен тапкан бакыт”, “Абааттанган аймак”, “Эмгек сыйы”, “Мээнет үзүрү”, “Ишке ашкан максат”, “Жылдыздуу адамдар” сыяктуу аталыштагы очерктер совет адабиятындагы эң түшүмдүү тематикалык багыт – эмгек, өндүрүш темасындагы аңгеме, повесть, романдардын катарынан калышпай, ал түгүл эмгек адамын ачып берүүдө айрым бир артыкчылыктары менен адабий-тематикалык багыттын перспективасын аныктоочулук абалга ээ болгон. Бирок, ушундай жетишкенд иктерге карабастан, улуттук адабиятыбыздын очерк жанрында да айрым бир идеялык-тематикалык чектелүүлөр болгондугу айкын. Ушундай себептерден улам очерк жанрынын

тарыхый очерк жана проблемалык очерк деп бөлүнгөн типологиялык түрлөрү жетиштүү деңгээлде өнүгө алган эмес. Кыргыз элинин карт тарыхы узак мезгилдер көмүскөдө калып, очеркте чагылган эмес.

Экинчиси: эгемендүүлүктүн келиши, демократия түшүнүгү, сөз эркиндиги, көз карандысыз мамлекеттин курулушу. Бул мезгил кыргыз элинин басып өткөн жолундагы көп тарыхый фактылардын кайрадан ачылып, жаңыча бааланышына шарт түздү. Мурунку доордо журт башы болгон хан, бий, манаптарды "эзүүчү-эксплуататор" деген Совет доорундагы тап күрөшүнүн бир беткей каралоочу жүйөөлөрү ашкереленип, өз доорунда элдин тынчтыгын, көз карандысыздыгын коргоп, коңшу элдер менен теңата болуп, уникалдуу маданиятты өнүктүрүп, сактап келишинде бараандуу орду болгон эр-азаматтар Ормон хан, Жантай, Жангарач бийлер, Ажыбек датка, Медет датка, Байзак бий, Тагай бий, Атаке баатыр, Алымбек датка, Курманжан датка, ошондой эле, Совет доорундагы Ж.Абдырахманов, К.Тыныстанов, И.Арабаев, А.Орозбеков сыяктуу кыргыз инттеллигенциясы кептелген кесепеттүү трагедия, көмүлө көмүскөдө калган ачуу тарыхына жаңыча илимий баа берүү аракеттери башталды. Бул жылдар ошондой эле фактылык маалыматтарга каныккан, жаңы сапаттагы тарыхый очерктердин жазылышын шарттады.

Жанрдык табияты боюнча толугу менен эпикалык текке кирген кыргыз очерки XX кылымдын 20-жылдарынын соңунан бери өз өмүрүн улап, дайыма турмуш менен үзөңгүлөш жашап келатканына карабай, көбүнчө аны публицистикалык макала материалдар менен тең кароо адатка айланган. Ушундан улам очерк жанры публицистика менен гана катарлаш бир беткей каралып, көркөм прозалык касиети кеңири сөзгө алынган эмес. Кыргыз адабитында очеркти илимий-теориялык изилдөөгө алган саналуу гана эмгектер бар, атап көрсөтсөк: К.Осмоналиевдин "Кыргыз совет адабиятында очерк жанрынын өнүгүшү жөнүндө кээ бир пикирлер", "Кыргыз очерктеринин жанрдык эволюциясы", А. Табалдиевдин "Публицистиканын өзгөчөлүктөрү жөнүндө", "Азыркы күндүн очерктерине карата ойлор", А.Мырзакуловдун "Замандашыбыздын турпаты очеркте", Ж.Суванбековдун "Кыргыз адабиятындагы кай бир көркөм очерктер жөнүндө пикир", А.Эркебаевдин "Очерк-майда жанр эмес", М.Сасыкуловдун "Кыргыз очеркинин алгачкы абалы", К.Эдилбаевдин "Табияты-жоокерлик", Ү. Касыбековдун "Очерк – көркөм изилдөө". Макала түрүндөгү бул эмгектердин бардыгы өткөн кылымдын 80-жылдарына чейин жазылган.

Кыргыз очерктеринин тарыхый эволюциясын төмөндөгүдөй этаптарга бөлүп кароого болот:

**I этап** – 1924-1940-жылдардагы кыргыз очерктеринин "жаралуу" мезгили жана жанрдык табиятынын калыптанышы;

**II этап** – Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы кыргыз очерктеринин идеялык-тематикалык өзгөчөлүгү;

**III этап** – согуштан кийинки жана 50-80-жылдар кыргыз очеркиндеги жол очерки жана өмүр баяндык, портреттик очерк түрүнүн өнүккөн доору;

**IV этап** – Эгемендүүлүк мезгилиндеги очерк жанрындагы идеялык-эстетикалык жаңылануулар.

Коомдук турмуштун, адам концепциясынын белгилүү бир кырларын аныктап, тактоо үчүн турмуш чындыгын чагылдыруунун рационалдуу-логикалуу, эмоционалдуу-образдуу ыкмаларын ийкемдүү айкалыштырган, оперативдүү жанр – очерк жанры кыргыз адабиятында реалисттик прозанын адабий-эстетикалык поэтикалык салттарынын бекемдеп орун алышында ролу зор болгон.

**“Кыргыз очеркинин жаралуу, калыптануу мезгилиндеги идеялык-эстетикалык багыттары”** деп аталган экинчи параграфта согушка чейинки очерктик чыгармаларда жетекчиликке алынган идеялык-көркөмдүк негизги багыттарга илимий анализ берилет.

Очерк жанрынын жаралуусу бардык элдерде басма сөз эмгегинин түзүлүшү менен катарлаш каралат. Кыргыз адабиятында очерк жанрынын жаралуу мезгили кыргыз басма сөзү “Эркин-Тоо” гезити (1924) менен байланыштырылса, коңшу казак адабиятында бизден алда канча алдыда экендиги белгилүү. Казак адабиятындагы очерк жанрынын калыптануусу жана өнүгүүсү казак басма сөзүнүн туңгучу, 1870-жылдан баштап жарык көргөн “Казак вилояты гезитинен” башталып, бүгүнкү күнгө чейин тамырын үзбөй, өнүгүп-өсүп келген. Окумуштуу М.Б.Шындалиева “казак адабиятындагы очерктерди жыйнак кылсак 250-300 томдой чыга турган материал жыйналып калды, бул маданий-руханий толук казына” деп сыймыктануу менен белгилейт. [Шындалиева М.Б. Очерк табигаты [Текст] / М.Б.Шындалиев. – Алма-Ата, 2010. – 10-б.]. Кыргыз очерктеринин пайда болуу мезгилин 1924-жылдан 1940-жылдарга ыйгарсак чындыкка жакын болуп эсептелинет. Жарыяланган очерк тибиндеги алгачкы материалдар көбүнчө аңгемеге же журналисттик кабарга түспөлдөшүп, жанрдык чеги ажыратылбай, адабий чыгармачылыктын талаптарынан бир топ алыс турган. Отузунчу жылдарда республикалык газета, журналдардын беттеринен очерк жанры аздап-аздап, бирок кеңири аянттарды ээлей баштайт. Өзгөчө “Кызыл Кыргызстан” (“Эркин-Тоо” газетасы 1927-жылдан тартып ушундайча аталган) газетасынын бул мезгилдеги сандарына бүтүндөй беттин теңин ээлеген очерк тибиндеги көлөмдүү материалдар көбүрөөк басылып турган.

Алгачкы очерктердин сап башында С.Сасыкбаевдин 1927-жылы жарык көргөн “Кыргызстандагы Чехословакия” документалдуу очерки турат, андан соң “очерк” рубрикасынын астында биринчи жолу Молдогазы Токобаевдин “Кызыл Кыргызстан” газетасынын 1931-жылы 1-сентябрдагы санына “Колхоз жайытында” аттуу очерки жана 3-октябрда Кубанычбек Маликовдун “Ала-Тоонун далдасында” аттуу очерктери (“Кызыл Кыргызстан” 1931, 3-октябрь) жарык көргөн. Согушка чейин очерк сыпатында жүздөгөн макалалар жарык көргөн. Көркөм публицистикада автор бир темага

бириктирилген бир нече бөлүмдөрдүн фактыларын, бир идеяга багындырылган проблеманын бир нече тармактарын жеке-жеке талдап бүткөндөн кийин, аларды жалпылап келип, конкреттүү тыянак чыгарууга милдеттүү болсо, жазма адабий салт жаңыдан калыптанып жаткан учурда көпчүлүк авторлор, алардын ичин очеркист калемгерлер да ар бир эпизодду өзүнчө калтырып, алардан өндүрүлө турган бирдиктүү күчтүн пайдасын негизги проблемага тийгизе албай калган учурлар арбын болгон.

Жыйынтыктап айтканда кыргыз очеркинин калыптанышы жана өнүгүшүнө таасирин тийгизген факторлор катары төмөндөгүлөрдү атоого болот:

•улуттук басма сөздүн жолго коюлушу;

•жаңы коомдук системанын көркөм адабияттын колдоосуна муктаждыгы;

•жазма адабий салты бар орус жана коңшулаш элдер;

•совет өкмөтүнүн эркиндик, теңдик орнотуу идеяларына шыктануу;

•коомдук жаңылыктарды жайылтуу, элге жеткирүү;

•эмгекке шыктандыруу, мотивировкалоо;

Чынында ары чакан, ары күжүрмөн аталган очерк жанры тээ 20-30-жылдарда колго алынып, аны мезгилдин окуялары жетилтти. Бул күжүрмөн жанр ошо мезгилдин күрдөөлдүү окуялары – Жер-суу реформасына, колхоздошуу учуруна зор кызмат өтөп берди.

**“Улуу Ата Мекендик согуш жылдарындагы очерктер”** аттуу бөлүмчөдө аталган мезгилдеги очерктик чыгармалардын идеялык-эстетикалык өзгөчөлүктөрү каралат.

Кыргыз очерктеринин өнүккөн этабы 1941-1945-жылдарга туура келет. Согуштук мезгилдин капсалаңдуу кырдаалына ылайык негизинен прозада “ыкчам” жанрлар өнүктү. Аңгеме, очерк бөтөнчө активдүү аракетке кирди. Көркөм прозанын ичинен очерк коомдун ар кандай кырдаалына сергек мамиле жасоого үгүттөөчү касиети менен айырмалана алды. Каардуу бул жылдарда Жекшен Ашуубаевдин “Жүрөккө кан, денеге кубат берди” жана Н.Чекменовдун “Аравандын боюнда” (“Советтик адабият жана искусство” – 1942, № 2), Л.Пастников “Кыргыз атчандары” (“Советтик адабият жана искусство” – 1942, № 6), А.Токомбаев “Тянь-Шандык чалгынчы”, “Ашырбай”, К.Маликовдун “Ленинград согуш күндөрүндө” ж.б.у.с. кыргыздын эр жүрөк уулдарынын согуш майданында көрсөткөн эрдиктерин даңазалаган көркөм очерктер басма беттеринде үзгүлтүксүз жарыяланып турду.

Согуш темасындагы очерктик чыгармалардын өнүккөн түрүнө портреттик очерк кирет. Портреттик очерк – жеке адамдын бейнеси. Совет адамынын портретин түзгөндө анын эмгектеги, майдандагы эрдигин көрсөтүп гана койбостон, ошону менен бирге анын коммунисттик касиеттерин да ачып берүү мезгил талабы болгон. Л.Жариков “Манастын тукуму” аттуу очеркинде Советтер Союзунун Баатыры Дүйшөнкул

Шопоковдун укмуштуу эрдигин даңктаса, К.Жантөшев “Чолпонбай” аттуу очеркинде Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиевдин, С.Сасыкбаевдин “Нурлан” аттуу очеркинде Нурлан Бозоевдин, К.Маликов “Алгыр” аттуу очеркинде Дайыр Асановдун баатырдыктарын сүрөттөшкөн. Согуш учурунда кыргыз адабиятында бир катар баатырлардын документалдуу-көркөм портрети жаралып, алар тууралуу бир эле эмес, бир нече чыгармалар жазылган. Калемгерлер Чолпонбай, Дүйшөнкул, Ашырбай сыяктуу баатыр уулдардын согуштагы каармандыктарын көп кырдуу чагылдыра алышты.

Согуш жылдарындагы жана согуш темасындагы очерктик чыгармалар кыргыз адабиятында тарыхый-баатыр каармандарды өз мезгилинде даңазалоо милдетин өтөп, карапайым калкты келечекке, тынчтыкка, бейпил турмушка үндөп, идеялык-эстетикалык, социалдык-турмуштук жактан мазмуну чыңалып, жанр катары белгилүү бир жогорку баскычка көтөрүлүп, очерк жанрынын андан аркы өнүгүшүнө өзүнүн зор үлүшүн кошкон.

Биринчи баптын төртүнчү параграфы “**Адам жана коом маселеси согуштан кийинки жана 50-80-жылдардагы очерк жанрында”** деп аталат.

Согуштан кийинки мезгилден эгемендүүлүккө чейин Совет өлкөсүнүн тутумундагы Кыргызстандын коомдук-маданий турмушунда өйдө-ылдыйлуу бир топ окуялар болду. Башкасын айтпаганда да, мамлекет жетекчилеринин алмашуусу менен коштолгон саясат, чарба жүргүзүү ыкмаларындагы айрым бир өзгөрүүлөр коомдук турмуштун бардык тармагына өз таасирин тийгизбей койгон жок. Маселен, адабият тарыхын изилдөөчүлөр И.В.Сталиндин бийлигинин тушунда көркөм чыгармачылыкка идеологиялык кысым өтө күчтүү болуп, саясатка күнкор, бийликке сыйынгыч чыгармалардын көбүрөөк жаралышын шарттагандыгын, хрущевдук “жылымдоо” (“оттепель”) мезгилинде чыгармачыл эркин ойлоого азыноолак жол берилип, советтик искусстводо өзүнүн түпкү көркөмдүк мыйзамдарын калыбына келтирүү аракеттери жандангандыгын, ал эми кийинки Брежневдик сенектик (застойный) доорунда адабиятта сандык көрсөткүчтөргө ашыра баа берүү, майда темалуулук, жасалма шаңдануучулук сыяктуу көрүнүштөр басымдуураак орун алгандыгын белгилешет.

Коомдук аң-сезимдеги мындай көрүнүштөрдүн таасири, албетте, очерк жанрында да кайсы бир деңгээлде байкалбай койгон жок. Бирок коммунисттик чарбанын, коммунист жетекчинин, советтик эмгек адамынын абройун сактоо, коммунизмди куруучунун өрнөктүү образын түзүү деген сыяктуу талап, түшүнүктөр эгемендүүлүккө чейинки адабияттагы негизги идеялык-эстетикалык принцип катары кармалгандыгы белгилүү. Согуштан кийинки мезгилдеги очерк жанрында жазылган чыгармалар менен таанышуудан кийин бул принцип очерк жанрында өзгөчө бекем кармалып, жанрдын негизги идеялык-тематикалык багытын түзгөндүгүн көрүүгө болот.

Очерк бир эле убакта турмуш чындыгын документалдык-изилдөөчүлүк

ыкмада өздөштүрсө, ошол эле учурда аны эстетикалык жактан да өздөштүрүп, асылдуулук же кунарсыздык категорияларына ылайык көркөмдүк баалоодон өткөрүүгө милдеттүү. Очерк – көркөм-публицистикалык жанр. Ал реалдуу тарыхый адамдардын жана окуялардын негизинде жазылат. Көркөм ойдон чыгарууга негизделип, кайманалуу көркөм образдар аркылуу коомдогу көйгөйлүү маселелерге кайрылуу бир башка да, реалдуу чындыкка негизденип көйгөйлүү маселеге кайрылуу бир башка. Экинчи учур күчтүү жарандык позицияны, кайраттуу эркти талап кылат. Эгерде коомдук атмосферада кемчиликти жашыруу сөз эркиндигине чектөөлөр болсо, көйгөйлүү маселелерди көтөрүп чыгуу андан бетер оор, кыжаалатуу көрүнүш. Ушул себептүү эгемендүүлүккө чейинки кыргыз очерктеринде өндүрүш темасы, алдыңкы чарба, ийгиликтүү инсандар жөнүндөгү чыгармалар басымдуулук кылат. М.Алыбаевдин “Ак чүчүндөй”, Р.Шүкүрбековдун “Халтурщик досума кат” ырындай же Ч.Айтматовдун “Гүлсарат” повестиндегидей ашкерелөөчүл-сынчыл мүнөздөгү проблемалык очерктерди 50-70-жылдардагы очерк жыйнактарынан дээрлик кездештире алган жокпуз. Бул жылдары негизинен очерктин: портреттик, автобиографиялык, жол очерки үлгүсүндөгү түрлөрүн эң көп учуратабыз.

60-70-жылдардагы көркөм очерк жанрынан С.Сасыкбаев, А.Убукеев, Э.Медербеков, А.Молдокматов, М.Сейталиев, Т.Жаманкулов, И.Исаков, А.Сальников, К.Жусуповдордун ысымдарын бөлүп айтууга арзыйт. Союздук республикаларга, чет мамлекеттерге саякат жасоодон пайда болгон жол очерктери да бул жылдары көбүрөөк жазылды.

Биринчи баптын жыйынтыктоочу параграфы “**Эгемендүүлүк жылдарынын очерк жанрындагы жаңы мазмундун жаралышы**” деп аталган.

Эгемендүүлүктүн келиши менен коштолуп келген өткөнгө өкүнүч, кемчиликке кейиш, келечекке карай үмүт, тилек, чакырыктар коомдук басма сөздө алгач публицистика менен поэзия үлгүсүндө чагылышка ээ болду. Учурдагы турмуш чындыгын дароо көркөм чагылдыруу жагынан көркөм проза поэзияга салыштырмалуу “кашаңыраак” экендиги байыртан берки адабият тарыхындагы маалым көрүнүш. Проза жанрында мурдатан чыгаан, белсемдүү жазуучулардын айрымдары буга чейин ачыкка чыгара албай, көптөн бери көңүлүндө багып жүргөн чыгармачылык пландарын иш жүзүнө ашырууга аттанып киришсе, идеологиялык үндөө, колдоолорго жедеп ык алып, көнүп калган көпчүлүк жазуучулар эмнени кантип жазаарды билбей, калемин колдон түшүрүп, отуруп калышты. Көркөм проза, өзгөчө анын роман, повесть сыяктуу көлөмдүү формалары жаңы саясий системага өтүү мезгили канчалык орчундуу, катаал, курч маселелерди коюп жаткандыгына карабастан, тез аранын ичинде эл күткөн чыгармаларды мурдагыдай темпте бере алышкан жок. Китеп чыгаруунун көйгөйү да бул маселеге өз таасирин тийгизбей койгон жок. Адаттагыдай алгач публицистика жагдайды колго алды, анткени коомдогу өзгөрүүлөр, кайра куруу, ачык айтуу саясатынын күч

алышы, эгемендүүлүккө ээ республиканын социалисттик коомдон капиталисттик коомго өтүшү публицист калемгерлерди ар түрдүү ойго дуушарлантышы мыйзамченемдүү көрүнүш болчу. Мисалы, Артыкбаев К., Байгазиев С., Карабеков К., Мамбеталиев К., Нурушев Э., Өмүрбаев С., Сексенбаев Б., Стамов А., Сыдыкова З., Токтомушев А., С. Усуповдордун коомдун, улуттун руханий жаңылануусуна байланыштуу бир топ публицистикалык эмгектери жарык көргөн.

Кайра куруу жылдарында мурдатан келаткан салттуу тематикалык багытты көздөгөн "Эмгек сыйынын ээлери" (1989) деп аталган очерктер жыйнагына ар кыл авторлордун айыл-чарба тармагында эмгектенген адамдардын күжүрмөн эмгегин баяндаган очерктери топтолгон. Ак эмгектин акыбети эч качан актуалдуулугун жоготпой турганы ырас. Ошентсе да жыйнактагы очерктердин авторлорунун көбүнүн автордук концепциясынан мезгил ыргагын, коом талабын эске албаган, анахронизм жыттанган көрүнүштөр байкалат.

Кайра куруу жылдарында окурмандардын көңүлүн өзүнө бура алган очерктердин бири А.Матисаковдун "Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй" аттуу портреттик очерки болду [Матисаков А. Кыргыз өңү Чокморовдун өңүндөй [Текст] / А.Матисаков. – Ф., 1988]. Чыгармада таланттуу киноактер Сүймөнкул Чокморовдун чыгармачыл ишмердүүлүгү, актерлук, сүрөтчүлүк таланттарынын "жемиши" тууралуу кеп болбостон, автор анын пенделик жашоосундагы турмуштук жагдайларга көңүл бурган. Б.а., С.Чокморов очеркте атактуу артист катары эмес, жөнөкөй адам катары көркөм иликтөөнүн процессинен өткөзүлөт, залкар инсандын өмүр баянын, алган сыйлыктарын, же ийгилектерин тизмектеп берүү эмес, тескерисинче каармандын ой-туюму, жан-дүйнө байлыгы чебердик менен баяндалган.

Идеялык-эстетикалык, тематикалык жаңылануу тарыхый очерктерден өзгөчө айкын байкалды. Улуттун өзүн өзү таануу аракеттери улуттун салт-санаасы, ата-бабалардын өткөн тарыхына, тажрыйбасына кайрылууну талап этти.

Изилдөө ишинин экинчи главасы "**Көркөм очерктердин структуралык-типологиялык мүнөзү жана түрлөрү"** деп аталат. Очерк жанрын классификациялоонун бир нече түрлөрү бар. Бул багытта изилдөөчүлөр Е.Журбина, В.Канторович, М.Черепахов, Г.Колосовдордун классификациялары кеңири белгилүү. Публицистикалык жанрлар боюнча окуу китептеринин авторлору да очерк жанрын классификациялоонун ар кандай пирнциптерин сунушташат. Жанрды классификациялоо боюнча эмгектер менен таанышуудан соң кыргыз очерктерин структуралык-типологиялык жактан *өмүр баяндык (автобиографиялык, биографиялык), портреттик очерктер, жол очерки, проблемалык очерк, тарыхый очерк* деп бөлүштүрүүнү максатка ылайык көрдүк.

Экинчи главанын биринчи параграфы “**Өмүр баяндык жана портреттик очерктер – кыргыз очерк жанрынын баштоочусу”** деп аталат.

Кыргыз адабиятында очерктин келиши жана анын жанрдык өзгөчөлүгү жөнүндө адабиятчы К Асаналиев өзүнүн “Кыргыз совет прозасынын очерки” (1-бөлүк, Фрунзе, 1957) деген эмгегинде отузунчу жылдардын башында эле оперативдүү жанр катарында автобиографиялык очерктердин кеңири иштеле башташы кыргыз прозасынын пайда болушу жана өсүү процессиндеги дагы бир мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп эсептелерин белгилейт да, андан ары очерктин жанрдык өзгөчөлүгүнө токтолуп: “автобиографиялык очерк эпикалык формага өтүүдөгү көпүрө, өткөөл сыяктуу көрүнүштөрдөн” деген тыянакка келет.

Портреттик очерктин согуп турган жүрөгү - адам, болгондо да, белгилүү бир окумуштуу, же өндүрүштүн белгилүү бир новатору, белгилүү бир колхозчу, же белгилүү бир таланттуу музыкант, өз заманынын маяктарынын өкүлү. Портреттик очеркте – каармандын көп кырдуу мүнөзүнүн ачылышы, ишмердүүлүгүндөгү мотивдер, анын психологизми социалдык мааниде, бирок индивидуалдык аракеттин негизинде чагылдырылат. Мыкты портреттик очеркте алгач каармандын инсандык сапаттары жогорку деңгээлде баяндалып, андан соң мүнөзгө жараша ишмердүүлүк чечмеленип берилсе анын көркөмдүк касиети артат.

50-жылдан 80-жылдарга чейинки портреттик, өмүрбаяндык очерктик каармандардын образын түзүүдө Социалисттик Эмгектин Баатыры наамы, Ленин орденинин ээси болуу негизги мотивдердин бири болгон. Даңазалуу сыйлык ээлери туурасында макала, маек, эссе сыяктуу публицистиканын башка жанрларында да көп жазылган менен, баатырлардын баатырдай масштабдуу образын ачыш үчүн калемгерлерибиз көркөм очеркке абдан көп кайрылышкан. Маселен, педагог-жазуучу Ж.Мавляновдун мугалимдик сапаттын артыкчылыктарына басым жасаган “Күтөбүз, Апыш!”, “Акырын, сабак жүрүп жатат” аттуу очерктери ушул жанрдагы чебер жазылган мыкты үлгүлөрдүн бири. “Күтөбүз, Апыш!” очеркинде Кыргыз ССР мугалимдеринин ичинен биринчи болуп Социалисттик Эмгектин Баатыры наамын алган Апыш Койчумановдун мугалимдик кесипке жоопкерчилик менен жасаган мамилеси, агартуу ишине бүт дити менен берилген инсандык жүзү ачылып берилген.

Бардык байлык: ишкана, мекеме, жер, суу, алынган кирешелер жалпы элдики, мамлекеттики болгон Совет мамлекетинин тушунда кыргыз элинде чабан, жумушчу, колхозчу, дыйкан сыяктуу кесиптер өркүндөп, аркалаган кесибинен баар тапкан, мекенчил Социалисттик Эмгектин баатырлары көп болгон. Очерктин “жылдыздуу каармандардын” катарында Ч.Айтматовдун “Тянь-Шандык аял” аттуу очеркинде түзүлгөн Социалисттик Эмгектин Баатыры Телегей Сагымбаеванын документалдуу-көркөм образы да бар.

Очерктен жазуучунун стилине таандык монументалдуулук, сүрөткердик чебердикти ачык көрүүгө болот.

Советтик мезгилде кыргыз очеркисттерин айыл чарба темасы көбүрөөк кызыктыргандыгын байкайбыз. Дыйкан, жумушчулардын документалдуу көркөм бейнесин түзүү багытында түйшүктөнгөн калемгерлердин эмгектеринен очеркти эң жоопту иш катары баалап, ага чыгармачылык чоң жоопкерчилик менен мамиле кылып, окурмандарды эмгекчилдикке шыктандырган үлгүлүү каарман-образдарды жаратып, улам жаңы күн тартибиндеги каармандардын бейнесин окурмандарга үзгүлтүксүз тартуулап тургандыгын көрөбүз.

Кийинки параграф “**Проблемалуу очерктердин жанрдык өзгөчөлүгү”** деп аталат. Проблемалуу очерктин автору коомдун актуалдуу көйгөйлөрүн жөн гана эмоционалдуу-көркөмдүктө сүрөттөө эмес, кырдаалды, коомдук көйгөйдү образ кылып түзүп, ал эми личносторду ошол көйгөйдү ачып берүүдөгү композициялык бир элемент катары пайдаланат. Ошентип мында конкреттүү личност эмес, коомдун актуалдуу проблемасын көркөм-социологиялык, же социологиялык-философиялык, экономика, илимий-көркөм публицистикалык иликтөөгө алуу биринчи планга чыгат. Автор цифра, статистикалык маалыматтарга эркин таянып, окурман менен түзмө-түз баарлашкандай баяндайт. Маселен, 70-жылдардан тартып очерктерде жаратылышты коргоо маселелерин козгоого умтулган аракеттер жандана баштады. Бирок, ошол материалдарда козголгон проблеманын кынтыксыз экендигин, кечеңдебей өз маалында чечилиши өтө зарыл экенин айнытпай ишендирген далил-жүйөлөр жетишсиз. “Жайыттын чөбү суюлуп, такырайып баратат”, “Жаңгак токою кароосуз калып, бүлүнүп жатат”, “Көлдүн суусу булганып жатат” ж.б.у.с. жалпы сөздөрдү канчалык кан какшап айтуу бул – проблеманы көтөргөндүккө жатпайт. Ал үчүн илимий да, практикалык да жактан жалпы элдик, мамлекеттик маанидеги так жана таасын далилдер мол болушу зарыл.

70-80-жылдары “Ала-Тоо” журналынын беттеринде ар дайым салттуу түрдө “Очерк, публицистика” аттуу аталыштагы рубрикада жайыт проблемалары тууралуу адистердин, окумуштуулардын жүйөлүү пикирлери, билим берүү тармагындагы айрым маселелер, искусство чеберлеринин ийгиликтери, жаратмандыктары, өндүрүш, айыл-чарбасындагы түйшүктөр же жетишкендиктер, чабандардын ийгилиги, завод-фабрикада ийгилик жаратып иштеп жатышкан кыз-келиндер тууралуу очерктер жарык көрүп турган. Анткен менен көркөм публицистика турмуштун бардык тарабын камтый албай, өзүнүн “чалгынчылык” милдетин жетиштүү деңгээлде аткара албай жаткандыгын адабиятчы К.Эдилбаевдин жетимишинчи жылдардагы макаласынан улам баамдасак болот: “Ушул маалда кыргыз очерки жеке эле проблема коё билип, аны калайык-калктын калың катмарына жеткире алуу жагынан эле эмес, тематикалык жактан да өрүшү тарып, тукулжурап турган чагы. Азыр бизге колго алынып жаткан жалгыз портреттик очерктердин,

публицистикалык материалдардын тематикалык чөйрөсү негизинен өндүрүш, айыл чарба маселелерин камтып турат. Ал эми тарыхый, социалдык, адеп-ахлактык темада очерк жазам деген жазуучуга зарыккан учур” [Эдилбаев К. Табияты жоокерлик [Текст] / К.Эдилбаев // Ала-Тоо. – 1978. – №4. – 130-б.].

Социалисттик коомдун турмушундагы көйгөйлүү көрүнүштөрдү очерктик олуттуулук менен жарыя айтууну жактырбаган советтик идеологиялык чектөөлөргө, коомдук терс көрүнүштөрдү документалдуу так далилдүүлүк менен көркөмдүүлүктүн айкалышында чагылдырууну талап кылган очерктин жанрдык өзгөчөлүгүнө, “ыңгайсыздыгына” байланыштуу кыргыз очеркинин проблемалык түрү жакшы өнүктүрүлгөн эмес. Эгемендүүлүк учурунда деле бул жанрдык түрдү басма сөздүн дайымкы “мейманы” боло алды деп атоого болбойт.

Экинчи баптын үчүнчү параграфы “**Жол очерки - көркөм прозанын өзгөчө формасы**” деп аталат.

Жол очеркинин өзгөчөлүгү боюнча объектти таанып билүү окурман үчүн улам чекесинен акырындап ачылып жүрүп отурат. Сапар багытынын жүрүшүнө ылайык автор мезгил, мейкиндик жактан туш болуу ирээтине жараша адамдарды, жагдай шартты жеке өзүмдүк талдоодон өткөрөт, окуяларды баяндайт, далилдерди келтирет, ар кандай фактыларды мисалга тартат. Көз алдына тартылган жашоо-турмуштун ыңгайы, салт санаалар, социалдык контрасттардан келип чыккан жеке таасирлерди баяндап берүүнүн өзүнөн жол очеркинин спецификалык өзгөчөлүгү келип чыгат.

Жол очерки өзүндө портреттик жана проблемалык очерктердин элементтерин да алып жүрөт. Себеби, очеркист өз сапарында көптөгөн кызыктуу адамдарга жолугат, жергиликтүү элдин жашоо образын, дүйнө таанымын жеткиликтүү айтып берүү үчүн айрым кызыктуу адамдар менен кененирээк таанышып, алар жөнүндө баяндап берүү очерктин кызыктуулугун арттырат. Ошондой эле ар бир жердин объективдүү, субъективдүү шарттарга жараша ар кандай проблемалары болушу мүмкүн. Сырттан байкоо салган адамга кээде жергиликтүү эл өзү да байкабаган кемчиликтер даана көрүнүшү мүмкүн. Ал түгүл очеркист турмуш шарты алдыга өнүгүп кеткен өлкөлөрдө жүргөн сапарын баяндоодо да проблемалуу маселелер туурасында ой бөлүшкүсү келиши мүмкүн. Андай учурда салыштырмалуу артта турган өз өлкөсүндөгү проблемалар өнүккөнү өлкөнүн фонунда ачык көрүнүп, аны чечүүнүн жолдорун өнүккөн өлкө өз мисалында авторго, ошону менен бирге окурманга эскертип жаткан болот.

Белинский жол очерктерге мазмуну жана формасы жагынан жогорку көркөмдүү жана элдик болушун, б.а. реалисттик искусствонун принцибин талап кылгандай эле талап койгон. Ал очеркти көркөм адабият менен бирдей укуктагы жана маанилүү жанр деп эсептеген, очеркисттердин ийгилигине чын дили менен кубанып, очерк жанрынын дагы жемиштүү өсүшү үчүн күрөшкөн.

Очерк жанрынын калыптануу мезгили болгон отузунчу жылдарда жол очерктеринен жазуучу, журналист калемгерлерибиздин жеке чыгармачылык тажрыйбасынын жетишсиздиги, очерк жанрынын калыптанган адабий салтынын мурда болбогондугунун натыйжасында уккан-көргөн окуяларга терең маани берип талдоонун ордуна, командировкага барган чарбалардагы, жолдогу окуя, көрүнүштөрдү үстүртөн баяндап жыш тизмектөө, супсак сүрөттөө, тил байлыгынын жардылыгы байкалат. Анткен менен бул очерктер жанрдын калыптанышына чыйыр салып, жазуучулардын чыгармачылык калеминин төшөлүшүнө, турмуштук тажрыйбасынын артылышына, чыгармаларына азык болчу кызыктуу сюжеттердин табылышына өбөлгө болду. Отузунчу жылдардын башындагы жол очерктеринин автору М.Элебаевдин калеминен отузунчу жылдардын ортосунда “Узак жолдой” узак өмүрлүү көркөм чыгарма жаралды.

Кыргыз адабиятындагы жол очеркинин көч башында Ж.Турусбековдун “Эпкиндүүлөр талаасында” (Кызыл Кыргызстан, 1931, 17-сентябрь), Ш.Көкөновдун “Эмгек жортуулчулары” (Кызыл Кыргызстан, 1931, 27-октябрь), “Түнкү коноктор” (Кызыл Кыргызстан, 1931, 3-ноябрь), М.Элебаевдин “Пахтачылар базарында” (Кызыл Кыргызстан, 1931, 22-ноябрь) аттуу очерктери турат. Бул чыгармачылык багыт андан ары Ж. Самагановдун “Боордош элдерде” (жол дептер, 1957), А.Токомбаевдин “Бээжинден белек” (1960), А. Абакировдун “Унутулгус күндөр” (1962), К.Жусупов «Япония элестери» (1978), «Микеланджело мекенинде» (1971), К.Бобуловдун «Алжир жеринде» (1985), «Абхазстан – жан жыргалдын өлкөсү» (1985), О.Султановдун “Ысык-Көлдөн Корсикага барчу жол” (1965) жана башка авторлордун жол очерктеринде ийгиликтүү улантылды.

Үчүнчү баптын акыркы параграфы **“Тарыхый очерк: тарыхый чындык менен көркөм чындыктын катышы**” деп аталды.

Тарыхый очерк жанрындагы чыгармалар менен таанышуунун жыйынтыгында очерктин мындай түрү совет мезгилинде өтө солгун өнүккөндүгүн байкоого болот. “Тарыхый очерк” деген жанрдык аныктама менен жарык көргөн бирин-экин чыгармалар дагы жакыңкы тарых, тагыраак айтканда совет бийлигинин алгачкы мезгилиндеги саясий күрөш маселелерине арналган. Советтик идеология, XX кылымдын жыйырманчы жылдардын аяк ченинде саясат, адабият, маданият тармагында жүргөн улуттун алдыңкы кадрларына тагылган “улутчул”, “бай-манапчыл”, “эскичил же эски заманды көксөөчүл” деген коркунучтуу жалаалар улут тарыхы, улуттун маданий баалуулуктары жөнүндө сөз кылууну узак мезгилге токтотту. Хрущевдук “жылымдоо” мезгилинде саясий айыпкерлерге карата болгон айрым бир реабилитациялык кыймылдардан кийин гана улут тарыхына кайрылуу тартынчаак кылчактоолор менен азыраак жандана баштаган. Тарыхка кайрылуу, тарыхый роман, очерктердин заманы чындап эгемендүүлүк доорунан башталды.

Тарыхый очерктердин башатында У.Абдукаимовдун "Суусамыр окуялары" очерки турат. Улуу Ата Мекендик чогуш жылдарында бул чыгарма "тарыхый очерк" деген жанрдык аныктама менен жарыяланган. Автор очеркинде 1928-жылы эл арасына саясий-агартуу ишин жүргүзүү үчүн Суусамырга барган атайы экспедиция жөнүндө кабарлайт. Мына ошол экспедициянын мүчөлөрүнүн бири Алымкул деген адамдан уккан окуяны баяндайт. Мында алыскы тоо арасында эски манап Ыскак мурдагысындай эле өкүм сүрүп, өзүнө каршы чыккандардын "көзүн тазалап", жаңы турмушка каршы ар кандай иштерди жүргүзгөндүгү жөнүндө айтылат.

К. Рыскуловдун "Кыргыз дивизионунун кызыл атчандары" аттуу ("Ленинчил жаш", 1966, 5-август, №93, 3-б.) тарыхый очерки Түштүктөгү Совет бийлиги үчүн жүргүзүлгөн күрөштү баяндайт, М. Ашырбеков "Адам жанынан жаралган тагдыр" У.Салиева жөнүндө тарыхый очерк ("Колхозчу" (Ноокат), 1966, 28-октябрь, №129, 2-б.), А. Идирисовдун "тарыхый жана лингвистикалык очерк" деген жанрдык аныктамадагы "Талас" аттуу чыгармасы ("Кыргызстан маданияты", 1970, 27-май, №22, 11-б.) жарыялаган.

Тарыхый очерктердин келкели өлкө эгемендүүлүгүндө келди. Б.а., Эгемендүүлүк жана Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгы кыргыз прозасында тарыхый очерктердин жандануусуна негиз болду.

Т. Өмүрбековдун "Жантай жана Жангарач", С.Станалиевдин "Ай нурунан аккан жаш", И.Абдуразаков "Жусуп Абдурахманов", А.Көчөрбай уулунун "Бердике Баатыр", А.Кызаевдин "Атаке баатыр", "Жантай хан", К. Жусуповдун "Барсбек каган", А.Койчиевдин "Мухаммед-Кыргыз", А.Молдаалы уулунун "Байзак баатыр" аттуу тарыхый очерктери жана башкалар Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата сериялуу түрдө жарык көргөн.

Тарыхый очерктерде сүрөттөлгөн каармандардын документалдык негизи, алардын улуттун тарыхында калтырган изи, кызматы, тарых өзү даярдаган "сюжет" менен шартталган сюжет, мамлекет менен элдин тагдырын, коомдук жана жеке тагдырды аныктоочу конфликт, автордун ой жүгүртүүсүндөгү историзм принциби – тарыхый жанрдын типологиялык өзгөчөлүгү. Бүгүнкү күндө кыргыз элинин улуттук тарыхы кеңири изилденип, архивдик материалдар ачылып, андан ар тараптуу, карама-каршы жана жаңы көз караштар айтылып, тарыхый улуу инсандар илимий жана көркөм-публицистикалык адабияттарда татыктуу өз баасын алып жатат.

## КОРУТУНДУ

Очерк жанры өзүнүн пайда болгон мезгилинен тартып мына ушул күндөргө чейин адабият майданынын көрүнүктүү "чалгынчысы" катары адабият тарыхы, ошондой эле кеңири коомчулук үчүн баалуу да, маанилүү да кызмат өтөп келе жатат. Поэзия, проза, драматургия жанрларынын катарында очерк бүгүнкү күндө адабияттагы кадырлуу жанрлардын бири.

Анткени очерк жанры документалдуу фактылардын негизинде курулгандыгы, турмуштун бардык тармагын камтыгандыгы жана ошол эле учурда көркөм баяндагандыгы менен таасирдүү да, салмактуу да.

Очерк өзүн турмуштун актуалдуу маселелерин чагылдыра алган оперативдүү адабий курч курал катары көрсөтө алды. Очерктин тарбиялык-таануутучулук, пропагандисттик, агитатордук жана уюштурууучулук зор мүмкүнчүлүгү анын көркөм адабият менен журналистиканын тогошуусундагы популярдуу жанр катары кеңири өнүгүшүнө мүмкүндүк түздү.

Кыргыз адабиятына очерктин кириши – бул адабиятта социалисттик реализм методунун жаралышы болуп эсептелет. Анткени очерк реалдуу чындыктын негизинде гана жаралуучу, турмуштун өзүндө болуп жаткан окуяларды так жана элестүү формада көрсөтүп туруучу көркөм жана публицистикалык мазмундагы жанр болуп эсептелет.

Турмуштук фактыларды очерктик чыгармачылыкта пайдалануу дегендик – аны болушунча, көрүнүшүнчө көчүрүп алуу эмес, аны өзүнүн фантазиясынан өткөрүп, ага жаңы өмүр берүү дегендикке жатат. Ансыз, турмуштук окуялардын такма-так сүрөткө тартылып алынышынан алсыз, үрөйсүз көчүрмө гана чыгып калат. Очерк жанрынын калыптануу мезгили болгон отузунчу жылдарда жазуучу, журналист калемгерлерибиздин жеке чыгармачылык тажрыйбасынын жетишсиздиги, очерк жанрынын калыптанган адабий салтынын мурда болбогондугунун натыйжасында уккан-көргөн окуяларга терең маани берип талдоонун ордуна окуя, көрүнүштөрдү үстүртөн баяндап жыш тизмектөө, супсак сүрөттөө, тил байлыгынын жардылыгы байкалган менен бул очерктер жанрдын калыптанышына чыйыр салып, очерк жанрынын өнүгүшүнө өз салымын кошо алышты.

- Улуттук басма сөздүн жана жазма адабияттын жаралышы менен бирге очерк жанры калыптанды;
- Очерктик чыгармаларды жарыялоо советтик мамлекеттик идеология жана мезгил талабына ылайык максаттуу ишке ашкан;
- Кыргыз очеркисттери очерк жанрынын: *өмүр баяндык, портреттик очерк, проблемалык очерк, жол очерки* жана *тарыхый очерк* деп аталган түрлөрүнүн бардыгында эмгектенип, белгилүү бир ийгиликтерге жетишишкен;
- Кыргыз очерки жаралып, калыптана баштаган күндөн тартып очерктин типологиялык турлөрүнүн ичинен *өмүр баяндык, портреттик* очерктер абдан кеңири өнүккөн. Бул очерктердин негизги идеялык-тематикалык багыты – социалисттик коомду гүлдөтүүчү эмгек эпкиндүүлүгүн жогорулатуу жана даңазалоо. Негизги каармандары эмгек алдыңкылары: дыйкандар, жумушчулар, интеллигенция өкүлдөрү жана уюштурууучулук көрөгүчтүгү менен эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулаткан жетекчилер.
- XX кылымдын 60-жылдарына чейинки *жол очерктеринде* негизинен жазуучу, журналисттердин республиканын аймагындагы айыл чарбаларына

атайын командировка менен баргандагы иш сапарларынын натыйжалары чагылдырылган. Кыргыздын чыгармачыл интеллигенциясынын өкүлдөрү эл аралык мамилелер жакшыра баштаган 50-жылдардын аягы, 60-жылдардан баштап чет өлкөлөргө чыга башташты. К.Жусуповдун “Япония элестери”, “Микеланджело мекенинде”, “К.Бобуловдун “Алжир жеринде”, О.Султановдун “Ысык-Көлдөн Корсикага барчу жол” ж.б. жол очерктери мына ошондой жагымдуу шарттын түшүмү.

•Кыргыз очерктеринде жанрдын *проблемалык очерк* түрү совет мезгилинде жакшы өнүккөн эмес. Буга бир чети социалисттик коомдун турмушундагы терс көрүнүштөрдү очерктик олуттуулук менен жарыя айтууну жактырбаган идеологиялык чектөөлөр, советтик искусстводогу “конфликтсиздик теориясы” таасирин тийгизген болсо, экинчи чети очерктин так документалдуу далилдүүлүк менен көркөмдүүлүктүн бирдей катышын талап кылган спецификалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу болгон. Себеби, көркөм сөздө проблемалык көрүнүш жана анын каармандары жалпыланган шарттуу образ, көрүнүш түрүндө катышат; проблемалык публицистикалык макалалар да очерктегидей далилдүү факты, конкреттүү цифралык көрсөткүчтөр, реалдуу каармандардын болушун сөзсүз талап кылып отурбастан, көйгөйлүү проблемалар туурасында публицистикалык ой толгоо, эмоционалдык-экспрессивдүү лексика, агитациялык-ораторлук чакырыктардын жардамы аркалуу окурман менен ой бөлүшө алат. Ал эми коомдук маанидеги негативдүү проблемалуу факт, материалдарды олуттуу көркөмдүк (сатиралык эмес) жуурулуштуруп көркөм очерк жазуу көпчүлүк эле калемгерлердин табитине туура келе берген эмес. Ал эми эгемендүүлүк мезгилинде жазылган проблемалык чакан очерктердин көбүн көркөм-публицистикалык очерк эмес, таза публицистикалык очерктердин түрүнө киргизүүгө болот. “Очерк” деп жарыялангандардын көпчүлүгү жанрдын талабы менен карай келгенде “публицистикалык макала” деген аталышка туура келет.

•Эгемендүүлүк жылдарындагы улуттук өзүн-өзү таануу, улуттук баалуулуктарга басым жасоо сыяктуу коомдук көрүнүштөрдүн негизинде очерк жанрынын тарыхый очерк деп аталган түрү өзгөчө жанданып, очерктин ушул тематикадагы жанрдык-түрдүк чыныгы үлгүлөрү жаратылды.

## Диссертациялык темага тиешелүү жарык көргөн эмгектердин тизмеси:


1. **Жусуева, С.К.** Жол очерки: өлкө жөнүндөгү тарыхый-документалдуу жана сырдуу баян [Текст] /С.К.Жусуева // ОшМУ жарчысы. – 2014. - №3. – 19 – 23-бб.
2. **Жусуева, С.К.** Очерк – прозалык чыгармалардын бир түрү катары [Текст] / С.К.Жусуева// ОшМУ жарчысы. - 2014. - №3. – 23 – 26-бб.
3. **Жусуева, С.К.** Очерк жанрынын теориялык жана спецификалык өзгөчөлүгү [Текст] / С.К.Жусуева// Эл агартуу. – 2015. - № 5-6. – 21- 24-бб.

4. **Жусуева, С.К.** Качкынбай Артыкбаевдин көркөм очерктери [Текст] / С.К.Жусуева// ОшМУ жарчысы. – 2015. - №4. – 123 – 126-бб.

5. **Жусуева, С.К.** Отузунчу жылдардагы алгачкы кыргыз очерктеринин жанр катары калыптанышы жана өнүгүшү [Текст] / С.К.Жусуева// КРУИА кабарлары. – 2015. - № 2. – 70 – 74-бб.

6. **Жусуева, С.К.** Социальная-философская концепция и художественная особенность портретных очерков [Текст] / С.К.Жусуева// Актуальные направления научных исследований: от теории к практике. - 2016. - №1. стр.243-245// https://elibrary.ru/ item.asp?id=25612352

7. **Жусуева, С.К.** Категория историчности и образности в исторических очерков [Текст] / С.К.Жусуева, Р.Ш.Салимов// Образования и наука в современных условиях. - 2016. - №1. стр. 311-315 //https://elibrary.ru/item.asp?id=25730551

8. **Жусуева, С.К.** Характеристика и разделение художественных очерков на структурно-типологические типы [Текст] / С.К.Жусуева, Б.К.Үкүева// Образования и наука в современных условиях. - 2016. - № 2. стр. 138-141// https://elibrary.ru/item.asp?id=25612352

9. **Жусуева, С.К.** Тарыхый очерктердеги инсан концепциясы [Текст] / С.К.Жусуева// Жаш илимпоздордун I Эл аралык конгрессинин билдирүүлөрү. - Бишкек, 2016. – 459 – 464-бб.

10. **Жусуева, С.К.** Согуш темасындагы кыргыз очерктеринин калыптанышы жана проза жанрында ээлеген орду [Текст] / С.К.Жусуева// “Манастан Чыңгыз Айтматовго карай: проблемалар жана көз караштар”. Эл аралык практикалык конференциянын материалдары. – Бишкек, 2016. – 257 – 260-бб.

11. **Жусуева, С.К.** Ч.Айтматовдун очерктериндеги социалдык-нравалык маселелер [Текст] / С.К.Жусуева// “Айтматов окуулары -2016”. Эл аралык практикалык конференциянын материалдары. - Бишкек, 2016. – 255 – 258-бб.

**Жусуева Сюта Калмаматовнанын 10.01.01 – кыргыз адабияты адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Кыргыз адабиятындагы очерк жанрынын калыптанышы жана өнүгүшү” аттуу диссертациялык ишинин**


**РЕЗЮМЕСИ**

**Түйүндүү сөздөр:** документалдуу проза, жол очерки, көркөм-публицистикалык жанр, очерк, өмүр баяндык очерк, портреттик очерк, проблемалуу очерк, структуралык-типологиялык түзүлүш, тарыхый очерк, эпикалык тек.

**Иштин объектиси:** Кыргыз очерктери, анын калдыптануу жана өнүгүү эволюциясы, тарыхый, теориялык маселеси, спецификалык өзгөчөлүгү, улуттук адабияттагы орду жана ролу, жанрдын структуралык-типологиялык, көркөмдүк, идеялык-тематикалык түрлөрү, жиктелиши.

**Изилдөөнүн максаты:** кыргыз очерктеринин калыптануу жана өнүгүү эволюциясынын, улуттук адабиятта ээлеген ордун, жанр катары структуралык-типологиялык, идеялык-эстетикалык өзгөчөлүгүн илимий анализге алуу.

**Изилдөөнүн методдору:** Жанрдын табиятын, тарыхый тажрыйбаларын изилдөөдө тарыхый-салыштырма, типологиялык, диахрондук жана синхрондук ыкмалар колдонулду.

**Изилдөөнүн натыйжалары жана илимий жаңычылдыгы:** Диссертацияда кыргыз очерктеринин калыптанышы жана өнүгүшү баштан аяк системалуу иликтөөгө алынып, кыргыз адабиятындагы жана публицистикасындагы орчундуу бир салаа болгон бул жанрдын этаптуу өнүгүүсүнүн ар бир периоддоруна мүнөздүү өзгөчөлүктөр жана аларды шарттаган коомдук-маданий шарттар, көркөм очерктердин структуралык-типологиялык мүнөзү жана түрлөрү кеңири талдоого алынгандыгы.

**Колдонуу боюнча сунуштар:** Кыргыз адабиятынын тарыхын окуп үйрөнүүдө, окуу программалары менен окуу китептеринин мазмунун жаңылоодо колдонууга сунуш кылынат.

**Колдонуу чөйрөсү:** Изилдөөнүн материалы менен жыйынтыктары адабият тарыхын, адабият теориясын толуктоого багытталат жана адабият жөнүндөгү улуттук илимибизде, жогорку окуу жайларда филолог адистерди даярдоодо, жалпы билим берүүчү орто мектептерде колдонулса болот.

## РЕЗЮМЕ

**диссертационной работы Жусуевой Сюты Калмаматовны “Формирование и развитие жанра очерка в киргизской литературе” по специальности 10.01.01 – киргизская литература, на соискание ученой степени кандидата филологических наук**

**Ключевые слова:** документальная проза, путевые очерки, художественно-публицистический жанр, очерк, автобиографический очерк, портретный очерк, проблемный очерк, структурно-типологическое строение, исторический очерк, эпическая основа.

**Объект работы:** Эволюция формирования и развития киргизских очерков, исторические и теоретические проблемы, специфические особенности, место и роль в национальной литературе, структурно-типологические, художественные, идейно-тематические виды жанра, их деление.

**Цель исследования:** осуществить научный анализ эволюции формирования и развития киргизских очерков, их место в национальной литературе, структурно-типологической и идейно-эстетической специфики их, как жанра.

**Методы исследования:** При исследовании природы жанра, исторического опыта были использованы историко-сравнительный, типологический, диахронный и синхронный методы.

**Результаты исследования и научная новизна:** Полному системному анализу в диссертации подвергся процесс формирования и развития киргизского очерка, определены характерные особенности каждого периода и этапов развития этого важного и самостоятельного жанра киргизской литературы и публицистики, а также обуславливающие их общественно-культурные условия, структурно-типологический характер и виды художественных очерков.

**Предложения по использованию:** Результаты работы могут быть использованы при изучении истории киргизской литературы, а также при обновлении и переработке учебных программ и учебников.

**Сфера применения:** Материалы диссертации и её итоги призваны пополнить историю и теорию киргизской литературы, могут быть использованы преподавателями высших учебных заведений при подготовке специалистов по филологии, а также при работе со старшеклассниками школ.

## SUMMARY

**for the dissertation thesis of Zhusueva Syuta Kalmamatovna "Formation and development of the essay genre in the Kyrgyz literature" specialty 10.01.01 – Kyrgyz literature, submitted for the seeking of academic degree of the Candidate of Philological Sciences**

**Key words:** documentary prose, travel essays, artistic and journalistic genre, essay, autobiographical essay, portrait essay, problem essay, structural and typological structure, historical essay, epic base.

**Object of study:** Evolution of the formation and development of Kyrgyz essays, historical and theoretical problems, specific features, place and role in national literature, structural typological, artistic, ideological and thematic types of the genre, their division.

**Purpose of the work:** to carry out a scientific analysis of the evolution of formation and development of Kyrgyz essays, their place in national literature, structural-typological and ideological and aesthetic specificity of them as a genre.

**Research methods:** In studying the nature of the genre, historical experience, historical-comparative, typological, diachronic and synchronous methods were used.

**Study results and scientific novelty:** The complete system analysis in the dissertation was rendered on the process of formation and development of the Kyrgyz essay, the characteristic features of each period and stages of development of this important and independent genre of Kyrgyz literature and journalism, as well as their socio-cultural conditions, structural and typological character and types of artistic essays.

**Suggestions on the use:** The results of the work can be used in studying the history of Kyrgyz literature, as well as in the updating and revision of curricula and textbooks.

**Application field:** The materials of the dissertation and its results are intended to supplement the history and theory of Kyrgyz literature, can be used by teachers of higher educational institutions in the training of specialists in philology, as well as working with high school students.